# А.Закиров атындагы орто мектебинин так илимдер усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу жылынын 25-сентябрда өткөрүлгөн

# отурумунун протоколу

Катышуучулар : 8 мугалим ( УБнын бардык мүчөлөрү)

Каралуучу маселе:

1.2021-2022-окуу жылынын 2021-жылдын 3-кварталына карата стимул акчаны бөлүштүрүү

Каралуучу маселе боюнча УБнын жетекчиси Д.Закирова сүйлөдү:

3-кварталынын көпчүлүк бөлүгү эмгек өргүүбүзгө туура келет. Бардыгыбызга белгилүү ,быйыл дүйнө жүзүндөгү пандемияга байланыштуу окуучулардын каникул күндөрү узарып кетти. Бардыгыбыз эмгек өргүүсүнөн чыккандан кийин мектептин тегерегин тазалоо, кабинеттерди ирettөө, дидактикалык материалдарды даярдоо сыяктуу көптөгөн жумуштарды бүтүрүп алдык. Бардык предметтерден райондук семинарларга катышып, тажрыйба алмашуу жана жаны методикалык көрсөтмөлөр менен тааныштык. Эми 3-кварталда өзгөчөлөнгөн эмгек көрсөтө албасак да ,бардыгыбыз жаңы окуу жылына татыктуу даярдык көрө алдык. Бөлүнгөн стимул акчаны мугалимдер ортосунда бөлүштүрүү боюнча сунушуңуздарды айтсаныздар?!

Химия жана биология мугалими Н.Эшенкулова :

Жогорку айтылган сөздөргө толугу менен кошулабыз деп ойлойм.Эч кимибиз ачык сабак өткөн жокпуз, семинар өткөргөн жокпуз дегендей. Ошондуктан бардыгыбызга тең эле 1 (бир) деген коэффициентти эле койсок туура болчудай.

Д.Закирова : Башка сунуш жок болсо добушка коелу. Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

Отурумдун чечими: 1.2021-жылдын 3- кварталынын стимул акчасы усулдук бирикменин мугалимдерине 1 (бир) коэффициенти менен бөлүнсүн.